УДК 316.334:37
DOI 10.58649/1694-8033-2024-1(117)-25-31

**БЕДЕЛБАЕВА А.З.**
Ж. Баласагына атындагы КУУ
**БЕДЕЛБАЕВА А.З.**
КНУ им. Ж. Баласагына
**BEDELBAEVA A.Z.**
KNU J. Balasagyn

SPIN-код: 5247-9143, ORCID: 0009-0009-7041-9644

# БОЛОН БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

## ОСОБЕННОСТИ БОЛОНСКОЙ СИСТЕМЫ ОБРАЗОВАНИЯ

## FEATURES OF THE BOLOGNA EDUCATION SYSTEM

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада Кыргызстандын ЖОЖдорунда толук кандуу Болон процесси менен кандай көйгөйлөр бар жана биз бул системага канчалык даяр экенибиз каралды. Болон системасы теориялык методологиялык база, европалык жогорку билим берүүнүн өнүгүү концепциясы, анын милдеттери жана принциптери, жогорку билим берүү чөйрөсүндө жана университеттердин эл аралык кызматташтык принцибинде Болон процессинин катышуучулары тарабынан жүргүзүлгөн масштабдуу реформа. Болон системасы Европа өлкөлөрүнүн жогорку билим берүү тутумунун интеграциясын жалпы структуралык жана уюштуруучулук принциптерге жана университеттердин эл аралык кызматташтыгын бекемдөөгө негиздейт. Бирдиктүү билим берүү мейкиндигин түзүү жана әрбир мамлекеттин салттуу билимин сактоо болжолдонууда.

**Аннотация**: В статье рассмотрено, какие проблемы есть у вузов Кыргызстана с полноценным Болонским процессом и насколько мы готовы к этой системе. Болонская система представляет собой теоретическую методологическую базу, концепцию развития европейского высшего образования, его задач и принципов, масштабную реформу, проводимую государствами участниками Болонского процесса в сфере высшего образования и на принципе международного сотрудничества университетов. Болонская система устанавливает интеграцию системы высшего образования европейских стран на основе общих структурных и организационных принципов и на основе укрепления международного сотрудничества университетов. Предполагается создать единое образовательное пространство и сохранить традиционное образование каждого государства.

**Abstract:** The article examined what problems universities in Kyrgyzstan have with the full-fledged Bologna process and how ready we are for this system. The Bologna system is a theoretical methodological basis, a concept for the development of European higher education, its objectives and principles, a large-scale reform carried out by the participating states of the Bologna process in the field of higher education and on the principle of international cooperation between universities. The Bologna system establishes the integration of the higher education system of European countries on the basis of common structural and organizational principles and on the basis of strengthening international cooperation between universities. It is expected to create a unified educational space and preserve the traditional education of each state.

**Негизги сөздөр:** Болон системасы; аккредитация; академиялык мобилдүүлүк; студент; зачеттук бирдик; интегерация.

**Ключевые слова:** Болонская система; аккредитация; академическая мобильность; студент; зачетная единица; интеграция.

**Keywords:** Bologna system; accreditation; academic mobility; studentя; unit of account; integration.

XXI кылымдын акыркы он жылдыгынан тартып жогорку окуу жайларында билим берүү багытында кескин өзгөрүүлөр болду. Европадагы жогорку билим берүү системасын реформалоо, жогорку окуу жайларда интеграциялоо азыркы учурдун актуалдуу көйгөйү катары карсак болот. Кыргызстандын жогорку окуу жайларында негизги окутуу талаптары стандарт аркылуу бекигени менен ал илимий-теориялык жактан кандай мазмунду камтып, практикалык багытта кандай жол-жоболор менен ишке аша тургандыгы, өлкө ичинде эң көйгөйлүү маселелердин бири.

Болон декларациясынын жоболоруна таянсак Кыргызстандагы жогорку окуу жайлар, 2011/2012 окуу жылдары акырындап Европанын жогорку профессионалдык окуу системасына өтө баштадык (бакалавриат, магистратура, докторантура PhD). Ошентсе да Кыргызстан Болондук системага өтүшү азыркы учурда да толук өтө элекпиз. Негизинен алганда объективдүү жана субъективдүү мүнөздөгү кыйынчылыктарды жолуктуруп келет. Биринчилерден мыйзамдык, уюштуруучулук, финансылык ошондой эле моралдык жактарды белгилесе болот. Азыркы Россиянын жана Казакстандын изилдөөчүлөрүнүн жана Кыргызстандагы илим изилдөөчүлөрүнүн арасында да Болондук процесске кошулуусунун келечектеги өнүгүшүнө, деги эле жогорку билимдеги өзгөрүүлөргө терс көз караштар бар экенин белгилеп кетсек болот. Жогорку кесиптик билим берүүнү гумандаштырууда, азыркы мезгилдин кырдаалына ылайык көптөгөн милдеттерди өз ичине ала тургандыгын да Болонья келишиминде аныкталган.

Болонья келишиминин башында эле 6 негизги жобо – жогорку билим берүүнүн бирдиктүү мейкиндигине жетүүнүн механизми катары берилген:

- билим берүүгө салыштырма квалификацияны киргизүү, европа өлкөлөрүнүн окуу процессин бакалавриат жана магистратурадан турган эки деңгээлдүү түзүлүшүн киргизүү;

- окуу жүгүн (эмгек көлөмүн) зачеттук бирдик (кредиттик бирдик) менен эсептөөнү киргизүү;
- дипломдун Тиркемесине окуу жүгүн жана квалификациясын жазууну киргизүү;
- студенттердин, профессор-окутуучулардын жана административдик-башкаруу персоналдардын мобилдүүлүгүн жогорулатуу жана эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүү;
- салыштырмалуу критерийлер менен методологияны түптөй турган максаттагы Европада жогорку билим берүүнүн сапатын камсыздай турган бүтүн системаны түзүү;
- квалификацияны таануу [5].

Кийинки конференциялардын жүрүшүндө билим берүү министрлери негизги механизмдер катары төмөндөгүлөрдү кошушту:

- жогорку билим берүүнүн жалпы системасына үчүнчү деңгээлди – аспирантураны киргизүү;
- чет тилдерин окутуу жана академиялык мобилдүүлүктү күчөтү;
- үзгүлтүксүз билим алууга мүмкүн болгондой кылып окутуунун структурасын түзүү;
- жогорку билим берүүнүн интернационализациясын ар түрдүү тилдерде сунушталган билим берүү программаларын реализациялоо аркылуу ишке ашыруу.

Муну менен катар негизги багыттарга кошумчалар киргизилген:

- студенттердин башка окуу жайында болгон мезгилиндеги шарттарын жакшыртуу;
- жогорку билим берүү тармагында маркетингдик изилдөө жүргүзүү;
- жогорку окуу жайынын Болонья декларациясынын жобосун эске алуу менен иштелген эл аралык кызматташтык ишкердүүлүгүн адистештирүү;
- жогорку окуу жайынын ичиндеги билим берүүнүн сапатын көзөмөлдөө системасын өнүктүрүү [2].

Окутуунун деңгээлдик түзүлүшүн (бакалавриат, магистратура, аспирантура), зачеттук бирдикти киргизүү жана окутуунун жыйынтыгында жогорку билим берүүчү мекемелердеги жогорку билим берүүнүн улуттук системасын таануу студенттик жана окутуучулардын мобилдүүлүгүн кеңейтүүнүн негизги аспектиси болуп саналат.

Окуу планынын жана программаларынын окуу жүктөмүнүн зачеттук бирдиктеги сандык принциби жогорку билим берүү мекемелери үчүн өтө зор методикалык ишти талап кылган олуттуу жаңылык болуп саналат. Зачеттук бирдик (кредит) системасы системаланган өлчөө ыкмасын жана зачеттук бирдик анын компоненти (окуу курстары, модулдар, сабактар) катары каралган окуу программаларын жазууну билдирет. Ошону менен бирге кредит калыптандыруучу компетенциялардын жыйымынан турган окутуунун жыйынтыгын өз ичине камтыйт. Студенттин бир окуу жылы (эки семестр) ичиндеги окуу планы жана программалары боюнча окуу жүгү 60 зачеттук бирдикке (семестрде 30 кредит) барабар болуш керек. Мында окуу жүгү аудиториялык жана студенттин өз алдынча иштөөсүн, окуу планы жана программалары боюнча окуу ишмердүүлүгүнүн бардык түрүн (лекцияга, семинарга, практикалык сабактарга катышуу, китепканада иштөө, сынакка даярдануу, маалыматты издөө, илимий-изилдөө иштери жана дагы ушул сыяктуу) өз ичине камтыйт. Окуу жүгү белгилүү бир компетенцияны калыптандырууга зарыл эмгек көлөмүн – окутуунун жыйынтыгын негиздейт. Европалык комиссия чет элдик университеттердеги студент окуган окуу курстарын баалоо жана салыштыруу максатында көчүрүү жана кредиттерди топтоо

европалык системасын (англ. ECTS – European Credit Transfer System) иштеп чыккан. Бул система боюнча бир кредит студенттин 25-30 сааттык (жумасына 40 саат, жылына 1500 – 1800 саат) иши менен барабар. Бул системанын жардамы менен билим берүүнүн улуттук системасынын жана жетишилген жыйынтык баасынын салыштырмалуулугу мүмкүн болот. 1989-жылы «Эразмус» (англ. Erasmus) студент алмашуу программасынын алкагында система алгач пайдаланылып баштаган [4].

Болондук процесстин алкагындагы анын катышуучулары үчүн маанилүү тапшырма көп маданияттуу билим берүү теориясына негизделген «европалык өлчөм» багытын ишке ашыруу болуп саналат. Студенттерге билим берүү даражасын алууга укук бере турган европа аймагындагы мамлекеттердин эмгек рыногунда таанылган кайсы гана университет болбосун адамды дүйнөлүк маданияттын баалуулуктар жана идеалдар контекстинде, толеранттуулукка, улуттар аралык алака-мамилеге жана өз ара диалог маданиятына тарбиялоону максат кылат. Болондук процесске катышуучу мамлекеттер азыркы учурдагы заманбап билим берүү эл аралык болушу керек экендигин түшүндүрүшөт. Акыркы учурларда Европадагы университеттик билим берүү маданий билим берүүнүн белгилерин өз ичине камтып турат. Мында кубулушка жана фактыга ар түрдүү маданият жана башка социалдык-экономикалык формациялар позициясында туруп баа берүү жөндөмдүүлүгүн өстүрүүгө маани берилет [1].

*Эки деңгээлдүү системанын киргизилиши.* 2011-жылдын 23-августунда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн № 496 «Кыргыз Республикасында жогорку кесиптик билим берүүнүн эки деңгээлдүү түзүмүн белгилөө жөнүндө» токтому жарыяланган. Мында жогорку кесиптик билим берүүнүн үчүнчү мууну бакалаврды, магистрди жана дипломдуу адистерди компетенттүүлүк негизинде даярдоонун Мамлекеттик билим берүү стандартынын макети иштелип чыккан. Ошону менен катар, жогорку кесиптик билим берүүчү багыттардын жана адистиктердин мамлекеттик классификатору да кайрадан иштелип чыкты.

Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн кийинки деңгээлинин жеткиликтүүлүгү Кыргыз Республикасын 2003-жылдын 30-апрелиндеги № 92 «Билим берүү жөнүндө» мыйзамы менен камсыздалган. Бул көрсөткүчкө ылайык, Кыргыз Республикасы Болондук процесс боюнча байкоочу топтун анализдөөсүнүн жыйынтыгында эң жогорку сандагы баллды алгандыгы белгилүү. Аталган маселедеги татаалдык жогоруда келтирилген мыйзамда экинчи жогорку билим катары көрсөтүлгөн адистештирүүнүн негизинде магистратура программаларына кирүү мүмкүнчүлүгү түзүлөт. Бакалавриат–магистратура–докторантура. Аспирантураны даярдоонун үчүнчү мууну катары кароо 2011-жылдын 23-августундагы «Кыргыз Республикасынын билим берүүсү жөнүндө» Мамлекеттик мыйзамында бекитилген. Мында бул деңгээл жогорку квалификациялуу кадрларды даярдоо катарында квалификацияланган.

*Квалификациянын улуттук алкагы.* Кыргыз Республикасынын квалификациясынын улуттук алкагы – Кыргызстандагы улуттук деңгээлде жетишкендиктер траекториясы таанылган эмгек чөйрөсү менен жалпыланган билим берүү тармагынын квалификациялык деңгээлинин салыштырмалуу курамы. Кыргыз Республикасында улуттук квалификациялык алкагы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен Кыргыз Республикасынын Эмгек, жаштар жана миграция министрлигинин ортосундагы кызматташтык жөнүндө макулдашуунун негизинде иштелип чыккан.

Муну иштеп чыгууда квалификациянын Европа алкагында калыптануу тажрыйбасы, ошондой эле Болондук жана Копенгаген процесстеринин катышуучу өлкөлөрүнүн улуттук

алкагы эске алынган. Квалификациянын улуттук алкагы өз мезгилинде квалификациянын, кесиптик жана билим берүү стандарттарынын, билим берүүнүн жана сертификациянын натыйжасын баалоо системасынын тармактык алкагына кирген Кыргыз Республикасынын Улуттук квалификациялык системасынын түзүүчү бөлүгү жана негизги иштелмеси болуп саналат. Бүгүнкү күндөгү кесиптик билим берүү стандарттарын иштеп чыгуудагы негизги кыйынчылыктар дал келбестиктер жана туура келбестиктер иш аракеттерин түзөт. Жогорку билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты квалификациялардын жана кесиптик стандарттардын тармактык алкагын кабыл алганга чейин эле кабыл алынган. Билим берүү жана илим министрлигинин жана Эмгек, миграция жана жаштар министрлигинин иши азыркы учурда уланууда.

*Билим берүүнүн сапатын камсыздоого тышкы баа берүүнү өнүктүрүү.* Кыргызстандагы жогорку билим берүүчү окуу жайлары мамлекеттик аккредитация жана билим берүү программаларын лицензиялоо процедураларынан өтөт. Кыргыз Республикасында 2017-жылдан баштап Жогорку билим берүүдөгү сапатты көзөмөлдөөчү Европалык Ассоциациянын (ENQA – European Association for Quality Assurance in Higher Education) мүчөсү болгон Аккредитация жана рейтинг көз карандысыз агенттиги түзүлгөн. Бул аталган агенттик мамлекеттик болгондуктан, билим берүү сапатына сырткы баа берүүнү бүтүндөй системага эмес, ошол билим берүү мекемесине карата салыштырмалуу гана белгилей алабыз. Жумуш берүүчүлөрдү билим берүүнүн сапатын баалоого тартуу да ошол жумуш берүүчүлөрдүн өкүлдөрүн студенттердин бүтүрүү квалификациялык сынагына – бүтүрүү жана квалификациялык иштерин коргоосуна, ошондой эле мамлекеттик экзамендерди тапшыруусуна чакырып катыштыруу аркылуу жүргүзүлөт. Азыркы учурда дагы деле болсо тышкы (чет өлкөлүк) эксперттерди чакыруу практикалана элек, эгер андай боло турган болсо андагы ишмердүүлүк жана баалоо билим берүүнүн сапатына болгон жалпы баанын алда канча ачык-айкын жана объективдүү болушуна негиз болмок.

*Студенттердин билим берүүнүн сапатын камсыздоого катышуусу.* Бүгүнкү күндө ата мекендик жогорку мектептерде студенттик жигердүүлүктүн өсүшү байкалууда. Бул студенттик бирикмелерди, кеңештерди, альянстарды түзүү, түзүлүшүнөн билим берүү мекемесинин ишмердүүлүгүндөгү жана башка формадагы маанилүү маселелерди талкуулоого студенттердин өкүлчүлүгүнүн катышуусунан көрүнт. Аккредитациянын талаптарынын бири студенттер арасында анкета жүргүзүү болуп саналат. Ошентсе да, билим берүүнүн сапатын камсыздоодо студенттердин ролу дагы эле болсо анча мааниге ээ эмес. Буга учурда студенттердин өздөрүнүн кызыкчылыгынын төмөндөгү сыяктуу түрдүү себептерди актануу катары көрсөтүүгө болот.

*Билим берүү сапатын камсыздоого карата эл аралык мамилелер.* Кыраккредагенттик сапатты камсыздоо боюнча чет өлкөлүк ассоциациялардын мүчөсү болгондугуна карабастан, Кыргызстандагы билим берүү мекемелерин эл аралык (чет элдик) аккредитациялык агенттиктердин аккредитациялоосу дагы эле өзгөчө жагдай эмес, анткени орусиялык жогорку билим берүүнү четке кагуу тобокелчилиги жогорулайт. Бул тармактагы дагы бир кыйынчылыктын бири катары агенттиктин бүтүн билим берүү мекемеси катары эмес, өзүнчө билим берүү программасы катары аккредитациясы болуп саналат.

*Дипломго европалык тиркеменин киргизилиши.* 2012-жылдын 29-майындагы № 346 Билим берүү жана илим министрлигинин маалымат катына ылайык Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын дипломуна жалпы европалык тиркеме берүүгө уруксат берилген [3]. Учурда мындай тиркемелердин берилиши басымдуу билим берүү мекемелеринде акы

төлөнүүчү кызматка кирип, бүтүрүүчүнүн арызы аркасында гана берилет. Бул тиркеменин популярдуулугу жогорку окуу жайына жараша айырмаланат. Ошого ылайык жалпы европалык тиркеменин берилиш тенденциялары да ар түрдүү. Бүтүрүүчүлөр бул сөз болуп жаткан кызматты алган билиминин ачык-айкындыгы үчүн жана жогорку билим тууралуу дипломунун негизинде чет мамлекеттик жогорку окуу жайында окуусун улантууда же чет элдик жумуш берүүчүгө жумушка орношууда жогорку билим тууралуу кыргыз дипломун таануу процедурасын жеңилдетүү максатында колдоно алышат. Дипломго тиркеме Болондук процесстин негизги инструменттеринин бири болуп саналгандыктан, ал бардык бүтүрүүчүлөргө милдеттүү түрдө берилиши керек.

*Таануу туурасында Лиссабон Конвенциясынын принциптеринин аткарылышы.* Лиссабон Конвенциясынын таануу принциптеринин Кыргыз Республикасында ишке ашырылышы Болондук процесс боюнча Байкоочулар тобу тарабынан жогорку баага татыганы белгиленген. Иштин чыныгы абалынан алып караганда билим берүү жөнүндө документтерди кабарлоо бир кыйла татаал, анткени дипломду таануу процесси жогорку билим берүүнүн бардык үч деңгээлинде тең жетишерлик узак мезгилди кучагына алат жана таануу механизмдери дайыма эле ачык-айкын боло бербейт.

*Европалык өтүмдүк бирдик системасын киргизүү.* Азыркы учурда Кыргызстандагы жогорку билим берүүгө Европалык өтүмдүк бирдик системасы негизиндеги кредиттик бирдик системасы киргизилген. Бул өз кезегинде Болондук процесстин негизги жоболорунун бирин аткарууну билдирет.

*Алдын ала окутууну таануу.* Бирдиктүү мамлекеттик сынакты киргизүүнүн жыйынтыгында Кыргызстанда расмий билим берүүгө болгон баа ишке ашырылууда. Бирок, расмий жана расмий эмес билим берүүнүн институционалдык жана технологиялык деңгээлде таануу механизмдери жок. Ошондуктан, Болондук процесстин теориялык методологиялык базасы европалык жогорку билим берүүнү өнүктүрүүнүн концепциясын ачып берет, анын милдеттери жана принциптери жогорку билим берүүдөгү Болондук процесстин катышуучу мамлекеттери тарабынан жана университеттердин эл аралык кызматташтыгынын принцибинде жүргүзүлгөн негизги реформа болуп саналат. Болондук процесстин концепциясы жалпы структуралык-уюштуруучулук принциптердин негизинде жана университеттердин эл аралык кызматташтыгын күчөтүү негизинде европа өлкөлөрүнүн жогорку билим берүү системасынын интеграциясын негиздейт. Муну менен бирге, бирдиктүү билим берүү мейкиндигин түзүүдө ар бир мамлекеттин салттык билим берүүсүн да сактап калууну карашат.

Болондук процесстин жоболорун Европа өлкөлөрүнүн жогорку билим берүүсүнүн улуттук системасында ишке ашыруу билим берүүнүн Европалык мейкиндигинин калыптанышына шарт түздү. Бул мейкиндиктин функцияларынын милдеттүү түрдө иш жүзүнө ашырылыш механизмдери катышуучу өлкөлөр тарабынан толук сакталышы керек. Кыргызстандын жогорку мектептеринин ишиндеги актуалдуу жетишкендиктер менен катар эле, Кыргызстандын жогорку билим берүүсүнүн Европалык системага расмий кириши дагы бир катар проблемаларды жаратканын көрсөттү. Аны чечүү Кыргызстандын жалпы принциптердин негизинде иш алып барган жана өзүнүн жеке педагогикалык салттары менен мүнөздөлгөн жогорку билим берүүнүн Европалык мейкиндигинин толук ыйгарым укуктуу катышуучусу статусун жеңип алуусуна жол ачат.

## Колдонулган адабияттар


1. Ананин Д.П. Формирование поликультурной образовательной среды в педагогическом университете. – Барнаул, 2016, с. 159-162.
2. Европейская система квалификаций. – Режим доступа: https://bsu.by/upload/page/172163.pdf
3. О выдаче общеевропейского приложения к диплому: Информационное письмо Минобрнауки России от 23 марта 2006 года № 03–336. – Режим доступа: http://docs.cntd.ru/document/901982644
4. Мишина Е.А. Реформирование высшего образования Италии и Венгрии в условиях реализации Болонского процесса. – Москва, 2006.
5. Совместная Декларация Европейских министров образования «Европейское пространство высшего образования» (Болонья, 19 июня 1999 года). – Режим доступа: https://nic.gov.ru/ru/docs/foreign/other/declaration_1999 – Загл. с экрана.